| | |
|---|---|
| SE-2024-0001<br>*(документтин шифри)*<br>6<br>*(беттин саны)*<br>01.03.2024-ж.<br>*(Бекитилген датасы)* | Ош мамлекеттик университети<br>Социалдык-экономикалык өнүгүү саясаты<br>**Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Г. Кожобеков

# Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча ЖОБО

**2024-жыл**



Сканировано с CamScanner

## Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо

### ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо |
| Документтин теги | Социалдык-экономикалык өнүгүү саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | ОшМУнун административдик кеңешинин 2023-жылдын 24-ноябрындагы отурумунда талкууланып № 10 протоколу менен бекитүүгө сунушталган. 2024-жылдын 20-февралындагы ОшМУнун Көзөмөл кеңешинин № 1 жыйынынын токтому менен колдоого алынган, 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин (№ 6 протокол) чечими менен кабыл алынган. 2024-жылдын 11-мартындагы №1117-ФХД/24 буйрук менен бекитилген |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн тартибин, жол-жобосун аныктап турат. |

### ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| Максаты жана негизи | 3-бет |
| Коммерциялык ишмердиктин багыттары | 3-бет |
| Ишмердүүлүктү уюштуруу боюнча чечимдер | 4-бет |
| Баштапкы колдоо | 4-бет |
| Долбоордун экспертизасы жана бекитүү | 4-бет |
| Кирешелерди жана чыгашаларды эсепке алуу | 4-бет |
| Эсеп-кысап жана отчеттуулук | 5-бет |
| Каражаттар боюнча жоопкерчилик | 5-бет |
| Финансылык-чарбалык текшерүү | 6-бет |
| Колдонулган нормативдик документтер | 6-бет |




Сканировано с CamScanner

## 1.Максаты жана негизи

**Жобонун максаты** – чарбалык, ишкердик жана илимий багыттарда кошумча киреше табууга негизделген коммерциялык ишмердүүлүктү алып баруу тартибин жөнгө салуу.

Бул жобо "2023-2026-жылдарга ОшМУнун туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасынын, ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 18.10.2023. күнкү "2023-2026-жылдарга ОшМУнун стратегиялык приоритеттери" жөнүндөгү чечимине ылайык иштелип чыккан.

## 2.Коммерциялык ишмердиктин багыттары

Коммерциялык ишмердик чөйрөсүнө төмөнкүлөр кирет:

1) мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын, жеке жана юридикалык жактардын буйрутмасы боюнча илимий талдоо, долбоорлорду экспертизалоо, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
2) окуу курстарын жана квалификацияны жогорулатуу боюнча билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жаатында кызмат көрсөтүү;
3) консультациялык, техникалык-экономикалык негиздемелерди аткаруу, бизнес-план түзүү, моделдик эксперименттерди жана тажрыйбаларды жүргүзүү, маалыматтык технологияларды колдонуу, ишмердикти, менеджментти баалоону жана жакшыртуу жолдорун иштеп чыгуу;
4) ар түрдүү кесиптик кеңештерди берүү, анализ, синтез, техникалык тейлөө жана оңдоо, ишмердикти уюштуруу жана анын эффективдүүлүгүн баалоо;
5) эксперименталдык жана теориялык баяндамаларды, эксперттик бүтүмдөр менен сунуштарды даярдоо;
6) Экономикалык, юридикалык негиздемелерди, корутундуларды, эсептөө-сметалык документтерди, финансылык, салыктык, аналитикалык отчетторду даярдоо боюнча кызмат көрсөтүү;
7) ооруканаларда, клиникаларда, поликлиникаларда жана лабораторияларда диагностикалык текшерүү жана дарылоо, анализдерди жүргүзүү жана операция жасоо, кароо жана реабилитациялоо боюнча медициналык кызмат көрсөтүү;
8) адистештирилген лабораторияларда, илимий-изилдөө борборлорунда, устаканаларда, талааларда жана башка бөлүмчөлөрдө диагностика жана анализ, тажрыйба жүргүзүү, техникалык тейлөө жана оңдоо, типографиялык жана өндүрүштүк кызмат көрсөтүү;
9) университеттин ишмердик чөйрөсүнүн алкагында товарларды өндүрүп чыгаруу жана кызмат көрсөтүү;
10) ветеринардык клиникарда, лабораторияларда жаныбарларды диагностикалык текшерүү жана дарылоо, анализдерди жүргүзүү жана операция жасоо, кароо жана реабилитациялык кызмат көрсөтүү;
11) өндүрүлгөн товарларды жана кызмат көрсөтүүнү баалоо, таанытууга жана сатууга көмөктөшүү;
12) университеттин базасында окуу-өндүрүштүк комплекстерди ачуу, товар өндүрүү жана сатуу;
13) башка мыйзамга каршы келбеген ишмердүүлүктү жүргүзүү.

Коммерциялык иш жүргүзүүчү түзүмдөр жогоруда аталгандардын ичинен, биринчи кезекте, билим берүү менен илимий-инновациялык ишмердүүлүккө салым кошо турган иш-чараларды ишке ашырат.

Коммерциялык ишмердүүлүктү каржылоо университеттин, мамлекеттик уюмдардын, бизнес уюмдарынын, жеке ишкерлердин, демөөрчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын, коомдук, эл аралык уюмдардын колдоосу менен ишке ашырылат



Сканировано с CamScanner

### 3. Ишмердүүлүктү уюштуруу боюнча чечимдер

Коммерциялык иш жүргүзүүчү түзүмдү (окуу, консалтинг, кызмат көрсөтүү борборлору, окуу-өндүрүштүк комплекстер, илимий-тажрыйба борборлору, клиникалар, адистештирилген лабораториялар ж.б.) университетке караштуу институттардын, факультеттердин, колледждердин, мектептердин базасында түзүүгө болот. Түзүмдүн ишмердүүлүгү боюнча жобосу тиешелүү деңгээлдеги окумуштуулар, педагогикалык кеңештен бекилгенден кийин ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинде каралат жана ректор тарабынан бекитилет.

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүмдү ачуу университеттин окуу түзүмүнүн окумуштуулар, педагогикалык кеңештеринин сунушуна, Көзөмөлчүлүк кеңешинин макулдук чечимине ылайык ОшМУнун ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт.

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүм ОшМУнун алдындагы өзүнчө юридикалык жак катары да уюштурулушу мүмкүн.

### 4. Баштапкы колдоо

Билим берүүдө практикалык жана илимий-лабораториялык база катары кызмат кылуучу жана инновациялардын ишке ашуусуна салым кошо турган коммерциялык түзүмдүн баштапкы иш-аракетин уюштурууга университеттин бюджетинен колдоо көрсөтүлөт. Бөлүнгөн каражаттар техникалык, лабораториялык, өндүрүштүк жабдууларды сатып алууга жумшалып түзүмдүн өздүк кирешелерин көбөйтүүгө кызмат кылышы шарт.

### 5. Долбоордун экспертизасы жана бекитүү

Университет тарабынан колдоо долбоордук негизде ишке ашырылат. Келечектеги ишмердүүлүктүн бизнес-планы маркетингдик изилдөөлөрдүн негизинде түзүлүп ОшМУда түзүлгөн эксперттик топтун кароосуна коюлат. Экперттик топтун курамы ОшМУнун инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректорунун сунушу боюнча бекитилет. Анын курамына илим жана инновация, пландоо-финансылык, эсеп-кысап бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, экономика, менеджмент жана бизнес багытындагы кафедралардын проффессордук-окутуучулук курамы, бизнес ассоциациялардын өкүлдөрү кирет. Эксперттик топ демилгечилер тарабынан берилген долбоорду, өз алдынча изилдөөлөрдүн жана жеринде карап баалоонун негизинде 30 күндүк мөөнөттө корутундусун чыгарат. Корутундуга эксперттик топтун үчтөн экиси оң корутунду берүү боюнча кол койгондон кийин күчүнө кирет.

Коммерциялык долбоорлорду кабыл алуу жана баалоону пландоо-финансылык бөлүм уюштурат. Коммерциялык долбоор эксперттик топ тарабынан берилген корутундуга ылайык Ректорунун сунушу боюнча Көзөмөлчүлүк кеңешинин чечими менен бекитилет.

### 6. Кирешелерди жана чыгашаларды эсепке алуу

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүм өндүргөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө бааны рыноктун бааларын эске алуу менен коет. Бирок рыноктун баасы менен катар социалдык кызмат көрсөтүүнүн баасын белгилөөдө коомдун кызыкчылыгы эске алынат.

Чарбалык эсептин негизинде иш жүргүзүүчү түзүмдүн кирешелерине төмөнкүлөр кирет:

a) өндүрүлгөн товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүдөн алынган кирешелер;
b) демөөрчүлүктөн жана жардамдан түшкөн каражаттар;
c) кирешенин башка түрлөрү.



Сканировано с CamScanner

Өндүрүлгөн товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн кирешелер университеттин банктык эсебинде өзүнчө субсчетто топтолот. Зарыл учурларда университеттин Көзөмөлчүлүк кеңеши кирешелерди аларды алып келген түзүмдөргө жараша ар кыл эсептерге бөлүштүрүү тууралуу чечим кабыл алышы мүмкүн.

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүмдүн жетекчиси менен түзүлгөн келишимде белгиленген кирешенин бир бөлүгү университеттин кирешеси катары эсептелет, ал эми калган бөлүгү материалдарды, жаңы инвентарларды жана жабдууларды сатып алууга, иш аткарган кызматкерлер арасында салымдарына жараша эмгек акы катары бөлүштүрүлөт.

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүм юридикалык тарап болгон учурда ОшМУ менен түзүлгөн келишим боюнча иш алып барат жана мамлекетке төлөнүүчү салыктар, социалдык төлөмдөр боюнча эсептешүүлөрдү өз алдынча жүргүзөт. Эгер түзүм ОшМУнун курамында болуп юридикалык тарап болбосо анда салыктарды жана социалдык төлөмдөрдү төлөөчү болуп ОшМУ эсептелет.

## 7.Эсеп-кысап жана отчеттуулук

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүмдүн чарбалык эсеп жүргүзүүсү, финансылык жана бухгалтердик иштери ОшМУнун бухгалтерия кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашырылат. Бухгалтердик иштерди алып баруу Ректор дайындаган кызматкер тарабынан ишке ашырылат.

Бухгалтердин негизги укуктук милдеттери төмөнкүлөр:

1) Финансылык операцияларды укуктук ченемдик актыларда белгиленген формада жүргүзүү жана башкалардын да ошол формада жүргүзүшүн талап кылуу;
2) Бухгалтердик иш кагаздарын жүргүзүү, журналга каттоо, бухгалтердик эсеп жүргүзүүнү бирдиктүү укуктук жана усулдук негиздерге жана эсеп-кысап планына ылайык уюштуруу;
3) Усулга ылайык акча каражаттарын бөлүп берүү жана кайра кирешелерди чогултуу;
4) Киреше жана чыгашалар менен байланышкан бардык документ, журнал жана квитанцияларды сактоо;
5) Мекеменин бардык аласа жана береселерин убагында чогултуу же төлөөнү камсыз кылуу жана бул иштердин аткарылышына тийиштүү көзөмөл жүргүзүү;
6) Бухгалтерияга байланышкан башка иштерди алып баруу.

Бухгалтер төлөм тапшырмасын төмөндөгү эрежелерге ылайык жүргүзүүгө жана аларды сактоого милдеттүү:

a) Бюджетте жетиштүү суммада акча каражатынын болушу;
b) Чыгашалардын бюджетте каралган тартипте жүргүзүлүшүн камсыз кылуу;
c) Чыгашаларды ченемдик укуктук нормаларга жана мыйзамдарга ылайык жүргүзүү;
d) Финансылык ката кетирүүгө жол бербөө;
e) Төлөм тапшырмасы боюнча документтердин толук болушу.

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүмдүн бюджеттик мезгили болуп финансылык жыл эсептелет.

Түзүмдүн кийинки жылга бюджеттик долбоору түзүмдүн жетекчиси жана бухгалтер тарабынан даярдалат жана декабрь айынын алгачкы күндөрүнөн кечиктирилбей, Көзөмөлчүлүк кеңешинин кароосуна сунушталат.

## 8.Каражаттар боюнча жоопкерчилик

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүмдүн карамагындагы мүлк боюнча жоопкерчилик түзүмдүн жетекчи кызматкерине жүктөлөт. Аны менен ОшМУнун



Сканировано с CamScanner

ректорунун ортосунда материалдык-жоопкерчилик жөнүндөгү келишим түзүлөт. Жетекчиликке жооптуу кызматкер ооруп же башка жүйөөлүү себептер менен өз кызматын аткара албай калган учурда бул материалдык жоопкерчиликти түзүмдүн башка кызматкерине акт түзүү менен убактылуу өткөрүп берет.

Каражаттарга жооптуу кызматкердин укуктук милдеттери:

1) Каражаттар боюнча журнал жана документтерди сактоо;
2) Бухгалтерге кыймылдуу мүлк боюнча эсеп-кысап берүү;
3) Кампа кызматкеринин милдетин аткаруу.

Ар бир бюджеттик жылдын аягында атайын комиссия чарбалык эсептин негизинде иш жүргүзүүчү түзүмдө инвентаризация жүргүзөт жана анын жыйынтыгы таблица түрүндө жазылат. Ошол эле учурда кээ бир буюм-тайымдардын мындан ары пайдаланууга жараксыздыгы эске алынып аныкталат. Түзүмдөгү ашыкча каражаттар киреше катары катталат. Текшерүү учурунда жок болуп чыккан буюмдар боюнча иликтөө жүргүзүлүп материалдык-жооптуу кызматкердин эсебинен калыбына келтирилет же адилеттүү баасы (справедливая рыночная стоимость) боюнча университеттин эсебине төлөнөт.

## 9.Финансылык-чарбалык текшерүү

Коммерциялык негизде иш жүргүзүүчү түзүмдүн финансылык иштери, кирешелери жана чыгашалары университеттин Көзөмөлчүлүк кеңеши түзгөн Текшерүү комиссиясы тарабынан текшерилет.

Бул жобо ОшМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан жактырылып ректор тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Колдонулган нормативдик документтер:**

**1.** КРнын Президентинин «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы, Бишкек, 2022-ж. 18-июлу, № 243.

**2.** КРдин Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамы. Бишкек, 2023-ж. 07-август, №165.

**3.**Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы, 2023-ж. 11-августу, № 179.

**4.** КРнын Министрлер Кабинетинин «Мамлекеттик окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому, 2024-ж. 5-февралы, № 4.



Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик
университети

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ошский государственный
университет

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Osh state university

Инд. 723500, Ленин к. , 331,
Тел: (+996 3222) 72273, факс: (3222) 70915
edu@oshsu.kg

Инд.: 723500, ул. Ленина, 331,
Тел.: (+996 3222) 72273, факс: (3222) 70915
edu@oshsu.kg

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 72273, fax: (03222) 70915
edu@oshsu.kg

**Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2024-жылдын 20-февралындагы №1 жыйынынын Токтомунан көчүрмө**

**Күн тартиби:**

1. **ОшМУнун билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө Жобо.**
2. **ОшМУда коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча Жобо.**
3. **РСК банкка ОшМУнун эсебинен депозитке акча салуу.**

1. **Угулду: Токторов К.К.,** - ОшМУнун инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору. “Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобо” нун негизги мазмуну жана анын максаты боюнча маалымат берип (тиркелет) колдоп берүүнү өтүндү.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 26-ноябры №175 “Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө”, 2023-жылдын 11-августу №179 “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамдарына, КРнын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243, 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 “Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө” жарлыктарына таянып “Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобо” колдоого алынсын.

Сканировано с CamScanner

2. **Угулду: Токторов К.К.,** - ОшМУнун инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору. “Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча Жобо” нун долбоору менен (тиркелет) тааныштырып баяндама жасады жана аны колдоп берүүнү өтүндү.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу №179 “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-жыл №53, 2009-жылдын 18-майындагы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндө" токтомдоруна, ОшМУнун Уставына таянып “Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобо”су колдоого алынсын.

3. **Угулду: Токторов К.К.,** - ОшМУнун инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору. РСК банкка ОшМУнун эсебинен депозитке акча каражатын депозитке салып кошумча киреше алуу мүмкүнчүлүгүн колдонсок болот (тиркелет) жана анын максаты боюнча маалымат берди.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу №179 “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-жыл №53, 2009-жылдын 18-майы №300 токтомдоруна, ОшМУнун Уставына таянып Университеттин эсеп счетунда убактылуу пайдаланылбай жаткан акча каражатын мамлекеттик банкка депозитке салуу колдоого алынсын.

**ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы** **Б.А. Нурунбетов**

**Катчысы** **А.А. Абдыкеримов**

Сканировано с CamScanner

Ош шаары

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 1-мартындагы № 6 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**Күн тартиби**

**3.11. «Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча» жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгына, «Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2023-жылдын 22-июнундагы мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы «Мамлекеттик окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № 45 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 8-февралындагы № 02-2/1064 буйругуна шайкеш келтирүү максатында "Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча" жобонун долбоору иштелип чыгып 2023-жылдын 24-ноябрындагы Административдик кеңешинин № 10 отурумунда каралып, талкууланып кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган.

**УГУЛДУ:** ОшМУнун окуу иштери боюнча Н. К. Омуров негизги маселеге кирген ОшМУда коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо менен тааныштырып, талкуугa алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чарбалык, ишкердик жана илимий багыттарда кошумча киреше табууга багытталган коммерциялык ишмердүүлүктү алып баруу тартибин жөнгө салуучу "Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо" бекитилсин.
2. ОшМУнун структуралык бөлүмдөрү тарабынан сунушталуучу коммерциялык долбоорлордун негиздүүлүгүн жана келечектүүлүгүн баалоо максатында иш алып баруучу эксперттик топтун курамын түзүү 2024-жылдын 15-мартына чейин инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор К. К. Токторовго жүктөлсүн.
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору К. К. Токторовго жүктөлсүн.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**

Сканировано с CamScanner

№ 1117-ФХД/24 11.03.2024

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**БУЙРУК**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыгына, «Билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2023-жылдын 22-июнундагы мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы «Мамлекеттик окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № 45 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 8-февралындагы № 02-2/1064 буйругуна шайкеш келтирүү максатында "Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча" жобонун долбоору иштелип чыгып 2023-жылдын 24-ноябрындагы Административдик кеңешинин № 10 отурумунда каралып, талкууланып кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган.

2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 6 протоколунун чечиминин негизинде «Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча» жобосун бекитүү деп аталган № 3.11. маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. Чарбалык, ишкердик жана илимий багыттарда кошумча киреше табууга багытталган коммерциялык ишмердүүлүктү алып баруу тартибин жөнгө салуучу "Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча жобо" бекитилсин.
2. ОшМУнун структуралык бөлүмдөрү тарабынан сунушталуучу коммерциялык долбоорлордун негиздүүлүгүн жана келечектүүлүгүн баалоо максатында иш алып баруучу эксперттик топтун курамын түзүү 2024-жылдын 15-мартына чейин инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректор К. К. Токторовго жүктөлсүн.
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору К. К. Токторовго жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор**

**К. Г. Кожобеков**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

Сканировано с CamScanner